Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д. 10.20.616 диссертациялык кеңештин эксперти Орозобекова Жылдыз Калмашевнанын 10.01.01-кыргыз адабияты, 10.01.09-фольклористика адистиктери боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген **Сагындык кызы Жанардын “Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгындагы салттуулук жана өздүк чеберчилик маселелери”** аттуу темадагы диссертациясына

## КОРУТУНДУСУ

Эксперт изденүүчү Сагындык кызы Жанардын “Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгындагы салттуулук жана өздүк чеберчилик маселелери” аттуу темадагы диссертациялык ишин карап чыгып төмөндөгүдөй чечимге келдик.

1. **Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Сунуш кылынган кандидаттык диссертация диссертациялык кеңештин профилине төмөндөгүдөй параметрлерден караганда туура келет: теманын актуалдуулугу, көтөргөн проблемасы, диссертациялык иштин структуралык түзүлүшүндөгү ырааттуулугу, коргоого алып чыккан жоболорунун ынанымдуулугу; илимий методологиялык негизди берип турган базаны өздөштүрө алгандыгы жана ишти жазууда колдоно билгендиги; объектиге алынган теманы главаларын ачууда анализ жана синтез бере алгандыгы; Ар бир главанын жана параграфтын соңундагы жыйынтык тыянактары.

Диссертациялык иштин аткарылышынын жана камтыган проблемасынын изилдениши, мүнөзү боюнча адистиктин эки шифрине ылайыкталганы акындын чыгармачылыгындагы ар тараптуу, көп кырдуу калыптанган “Ар күлүктүн изи башка, ар гүлдүн жыты башка” дегендей ойду ширетип, сөз кынаган ары төкмө, ары дастанчы, жомокчу, чертмекчи жана ырчы, өз заманынын акындык өнөрдөгү эрмегинин өрнөктүү басып өткөн жолу, көркөм адабиятка, акындар поэзиясына, элдик фольклорго, элдик музыкага салган бөтөнчө жолуна, өзгөчө салымына системалык турдо аналитикалык талдоо жүргүзгөндө (10.01.01.)-кыргыз адабияты, (10.01.09.)-фольклористика деген адистиктер менен коргоого келгени туура.

2. **Аткарылган диссертациялык иштин максаты катары** залкар акындын өмүр жолун, анын чыгармачылыгынын калыптанышын, акын жашаган тарыхый доор, коомдук процесс, акындын көп кырдуу чыгармачылык дүйнөсүн ачып берүү артыкчылыгын, кемчилигин, кыргыз элдик мурасынынын казынасына кошкон жеке салымын, өзгөчөлүгүн белгилөө менен анын бейенесин илимий негизде түзүү болгон. Коюлган максат төмөнкү милдеттерди аткаруу менен чечилген:

ИНСТИТУТ ЯЗЫКА И ЛИТЕРАТУРЫ ИМ. Ч. АЙТМАТОВА
НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Вход. № 184/06
«3» 03 2022 г.

1. Алымкул Үсөнбаевдин биографиялык таржымалы, чыгармачылыкка тартылуу, келүүгө болгон таасир, чыгармачылыкка калыптанышындагы этап, анын чыгармаларынын илимий объектиге алынышына обзордук анонс берүү;

2. Акындар поэзиясындагы акындар чыгармачылыгынын контекстинде элдик поэзиянын параметрлеринде өзүнчөлүк жагдайларын жан-жактуу ачып берүү;

3. Элдик фольклордун эпикалык жанрын өздөштүрүп, аларды аткарып жана элдик эпос, дастан жана поэмаларынын, жомокторунун таасиринин негизинде өздүк автордук чыгармаларын жаратуудагы салттуулуктун трансформацияланышын кароо;

4. Акындын чыгармаларындагы коомдун, доордун чыгармаларынан орун алышын анализдөөдө;

5. Акындын чыгармачылыгындагы тематикалардын, багыттардын, жанрдык контаминациянын бири-бири менен ширелүүлөрүндөгү өзгөчөлүктөрдү белгилөөдө;

6. Акындын айтыш өнөрүндөгү чыгармаларында колдонулган поэтикалык синтаксистин орун алышын талдоодо, аны илимий изденүүчүлүк аракети менен ачып берүү, жеке оюун-пикирин билдирүү максатын жана милдеттерин ишке ашырган.

**Коюлган милдеттерге (милдеттерге жетүүнүн этаптары, каражаттары жана ыкмалары ж.б.у.с.) ылайык максатка жетүү мүмкүнчүлүктөрүн баалоо:**

Диссертант кыргыз элинин элдик оозеки чыгармачылыгынын тарыхында, өзгөчө акындар поэзиясынын алкагында каралган төкмө акындардын, төкмө акындык өнөр бакканынан сырткары алардын көбү көп кырдуу талант болгондугу, илимий процессте тигил-же бул проблеманын алкагында эскертилип кетет дагы анын портрети толуккандуу ачылбай калат. Ушул аспектиден чыкканда аткарылган диссертациялык иш илимдин өнүгүшүндө, кийинки муундар үчүн, жалпы эл үчүн руханий маданияттан жуук калып цифровизация заманынан көз каранды болуп бара жаткан муун үчүн, элдик мурас казынасын унутпай уга жүрүүсү, айта билүүсүнө таасир берүүчү өз убагында аткарылган иш деп белгилөөгө болот. Албетте ар бир диссертациялык ишти аткарууда кандай максат, милдеттерди алдына койсо, диссертант андан белгилүү бир натыйжа чыгаруу аракети менен алектенип жүрүп олтурат. Иштин жыйынтыгында алынган натыйжа сөзсүз түрдө илимге (кичинеден чоңго) өз салымын кошот. Бул илим жолундагы негизги критерийлердин бири.

**Диссертациянын изилдөө объектисинин диссертациянын максатына жана милдеттерине дал келүүсү**:

Илимий объектиге алынган теманын биринчи натыйжасы кыргыз адабият таануу жаатында, акындар поэзиясында, фольклористиканын алкагында ар тараптуу караганы, акындын чыгармаларын аталган параметрлеринде анализдегени илимий методологиялык базанын катарын толуктоого кошкон салымы катары натыйжалуу.

**Изилдөө методдорунун диссертациянын милдеттерине (заманбап аппараттарды колдонуу, лабораториялардын сертификаттарынын адекваттуу статистикалык иштеп чыгуулардын), ар бир милдети боюнча ылайык келиши:**

Диссертант 6 пункттан турган милдеттеринин ар бирине адабият таануу, фольклористика илиминдеги салыштырма-типологиялык, салыштырма-тарыхый методду колдонуу менен А.Үсөнбаевдин чыгармаларын акындык чыгармачылыктын жалпы контекстинде талдап, анын жеке чыгармачылык чеберчилигине басым жасайт, аткаруучулук өнөрү, чыгармаларынын идеялык-тематикалык багыты, көркөм-поэтикалык наркы, жалпы эле төкмөлүк өнөрдүн табияты жөнүндө ишенимдүү жыйынтыктарды чыгарууга аракеттенген.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу**:

Диссертациялык тема учурдагы илим үчүн актуалдуу. Анткени, белгилүү төкмө акын Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгын алгач ирет ар тараптан терең изилдөө максатын көздөп, диссертациялык деңгээлде илимий талдоо жүргүзүлүп жатат. Диссертант темага байланыштуу буга чейин айтылган пикирлерге, түркүн маалыматтарга сын көз караште мамиле жасап, өз концепциясын сунуштайт.

**Диссертацияда коюлган милдеттердин ар бирин чечүү зарылдыгын негиздөөдө илимий адабияттардагы маалыматтарга сын алализ жүргүзүүнүн даражасы жана толуктугу:**

Диссертант темага тикелей байланышы бар илимий жана көркөм адабияттарды жетиштүү деңгээлде пайдаланган. Изилденип жаткан маселе боюнча өзүнө чейинки жарык көргөн эмгектерге обзордук анализ жүргүзүп, аларды сынчыл көз-караштан өткөргөн. Алардын ар бирине токтолуп, кыскача баа берүүгө аракет жасайт.

**3.Илимий натыйжалар**: Иште азыркы адабият таануу, фольклористика илимдери үчүн олуттуу мааниге ээ болгон төмөнкүдөй илимий-теориялык натыйжалар алынган:

3.1. Акындын чыгармаларын ар тараптуу кароо менен анын төкмө акын, жомокчу, дастанчы, эпик аткаруучу, дастан, поэмаларды аткаруучу катары тараза ташында караганы акындык көп кырдуу талант катары көрсөтө алгандыгын ынанымдуу баяндай билгендиги натыйжалуу;

3. 2. Акындын кыргыз фольклорунун түрдүү жанрларын алып жүрүүдө, аткарууда, жаратууда, жазууда, кээ бирин трансформациялоодо, кээ жерде мүчүлүштүктөрдү кетиргенин, чыгармачылыкка калыптануу жолундагы түрдүү ыкмаларды колдонгону, салттуу музыка, салттуу поэзия, салттуу айтуучу катары кыргыз акындар поэзиясын алып жүргөн талант иретинде ачып бергенге жетишкени менен тастыкталмакчы.

3. 3. Диссертанттын алган натыйжаларында объектиге алынган проблеманын системалуу түрдө анализдөөсүндө жаңычылдык бар;

3. 4. Илимий натыйжалары илимий теориялык базаны пайдалана билүүсү жана тексттик материалдарды колдоно билүүсү менен аргументтүү фактылары аркылуу берген натыйжалары ынанымдуу. Теориялык мааниси жагынан алганда учурдагы теориялык базаны байытып турган концептуалдуу көз караштарга кайсы бир денгээлде өз салымын кошо алган. Илимий иштин жыйынтыктары жаңы жана маанилүү. Жогорку деңгээлде иштелген. Диссертация кыргыз адабият таануусу жана фольклористика илиминин магистралдуу багыттарына толугу менен төп келет. Иштин жыйынтыктары адабият таануу илиминде кеңири колонууга жарайт.

4. **Иштин практикалык баалуулугу бар**. Изденүүчү изилдөөнүн жыйынтыктарын жана материалдарын акындар поэзиясын, анын ичинде А.Үсөнбаевдин жеке чыгармачылыгын үйрөнүүдө, жогорку окуу жайлардын, орто мектептердин окуучуларына сабак өтүүдө, окуу куралдарды, илимий-методикалык эмгектерди жазууда, атайын курстарды өтүүдө, дипломдук, курстук иштерди жаздырууда колдонууга болорун белгилейт.

**Диссертациянын мазмуну изденүүчүнун төмөнкү макалаларынан орун алган:**

1. Сагындык кызы Ж. А.Үсөнбаевдин өмүрү жана чыгармачылык жолу [Текст] / Ж.Сагындык кызы // Тил, адабият жана искусство маселелери. Атайын чыгарылыш, Бишкек, – 2018. – 144-148-б.
2. Сагындык кызы Ж. А.Үсөнбаевдин чыгармачылыгындагы салттуу темалар [Текст] / Ж.Сагындык кызы // Известия ВУЗов Кыргызстана. -№1 Бишкек, – 2018. – 166-170-б.
3. Сагындык кызы Ж. Акындык өнөрдөгү салттуулуктар жана акындын чыгармачылыгынын калыптанышы [Текст] / Ж.Сагындык кызы // ALATOO ACADEMIC STADIES №4 Бишкек, – 2018. – 93-102-б.
4. Сагындык кызы Ж. Алымкул Үсөнбаевдин алгачкы айтыштары [Текст] / Ж.Сагындык кызы // ALATOO ACADEMIC STADIES. - №3 Бишкек, – 2020. – 232-238-б.
5. Сагындык кызы Ж. А. Үсөнбаевдин чыгармачылыгындагы доордун сүрөттөлүшү [Текст] / Ж.Сагындык кызы // ALATOO ACADEMIC STADIES №4 Бишкек, – 2020. – 262-269-б.
6. Сагындык кызы Ж. А.Үсөнбаевдин чыгармачылыгы жана советтик идеология [Текст] / Ж.Сагындык кызы // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. №8 Бишкек, – 2020. – 239-243-б.
7. Сагындык кызы Ж. Акын А.Үсөнбаевдин чыгармаларынын жарыкка чыгышы жана изилдениш тарыхы [Текст] / Ж.Сагындык кызы // Наука, Новые технологии и инновации Кыргызстана. №8 Бишкек, – 2020. – 256-260-б.
8. Сагындык кызы Ж. “Кедейкан” эпосу Алымкул Үсөнбаевдин в ариантында [Текст] / Ж.Сагындык кызы // Бишкек мамлекеттик университетинин Жарчысы №2-3 (56-57) Бишкек, – 2021. – 178-180-б.

9. Сагындык кызы Ж. “Олжобай менен Кишимжан” Алымкул Үсөнбаевдин вариантында[Текст] / Ж.Сагындык кызы // Бишкек мамлекеттик университетинин Жарчысы №2-3 (56-57) Бишкек, – 2021.– 180-183-б.

**5. Автореферattын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Биздин колубузга диссертанттын диссертациялык иши, авторефераты эки тилде берилди. Мазмундук жагынан алганда бири-бирине дал келет, айырмасы диссертациялык иште тиркемелер бар. Автореферат тиешелүү талаптардын негизинде аткарылган, расмий тилдеги котормосу менен караганда аутенттүүлүк сакталган.

6. **Айрым мүчүлүштүктөр**:

Ар бир иштин ийгилиги болгон сыңары анын кемчилдитери дагы бар, диссертациялык иштин беттеринде буларды көргөздүк, маселен:

- Стилистикалык, орфографиялык жактан кеткен айрым мүчүлүштүктөрдөн коргоого чейин арылтуу керек.
- Кээде оюн так бере албай, ой бүтпөй чекит коюлуп калган сүйлөмдөрдү аягына чыгаруу керек.

**7. Сунуштар:**

- Алымкул акын кенже эпосторду эле айтпастан “Манас”, “Семетей”, “Сейтек” эпоторунун мыкты жерлеринен айта жүргөнү замандаштарынын эскерүүлөрүндө кездешет, атүгүл эпосту комуздун коштоосунда обондуу кылып айтып жиберген дешет. Ушул материалды да камтый кетүү;
- Акындын чыгармаларын ар тараптуу караган кезде Токтогулдан үйрөнгөн “Мырза кербез” , “Кара өзгөй”, “Чоң кербез” өндүү күүлөрүн атүгүл өзбектин атактуу дутарчысы Мулла Тойчи менен алым сабак күү чертишкенин атай кетүү орундуу болор эле. Анткени акын күүнү эле аткарбай ошол күүнүн тарыхын керээз, айтым, жомок, легенда сыяктуу жанрдык форматта баяндап анан аткарган ошол өзгөчөлүгү да кирсе деген ой.

***Жетектөөчү уюмду, расмий оппоненттерди дайындоо тууралуу сунуштун негиздүүлүгү***.

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы бул кандидаттык диссертация боюнча **жетектөөчү уюм** катары 10.01.01 – кыргыз адабияты, 10.01.09-фольклористика адистиги боюнча илимий адистери бар И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик иниверситетинин Мамлекеттик тил жана маданият институтунун кыргыз адабияты жана аны окутуунун технологиялары кафедрасы сунуш кылынат.

**Биринчи расмий оппонент** катары изилдөөнүн проблемасына жакын эмгектери бар: Образ Жаңыл Мырза в кыргызской литературе. – Бишкек, 2012. – 180 б.; Фольклордук поэтика жана жазма адабият. Илимий макалалар жыйнагы. – Бишкек, 2015. – 270 б.; Женский героический образ вариантах кыргызских малых эпосов (на примере эпоса “Жаныл мырза”)./ Наука, техника

и образование. – Москва, 2016. – 121-127 стр.; Интерпретация образа эпического героя в кыргызской письменной поэзии./ Наука, техника и образование. – Москва, 2016. – 127-132 стр.; Cengiz Aytmatovun Cemile Eserini tekrar okuyunca. // жыйнакта: Bozkirin uyanisi Cengiz Aytmatov. 2 kitap. – Ankara, 2019. – 80-88. филология илимдеринин **Суусар Искендерова** сунуш кылынат.

**Экинчи расмий оппонент** катары изилдөөнүн проблемасына жакын эмгектери бар: (Тарых чындыгын чагылдырган чыгарма. – Бишкек: Аят, 2011.; 1916-жыл кыргыз прозасында. - Бишкек:Турар, 2016. Тарых чындыгы жана «Кыргын» романы. / Ж.Баласагын атындагы улуттук университетинин ЖАРЧЫСЫ/ Бишкек: 2011, 3-чыгарылыш., “1916-жылдагы тарыхый окуяга жаңыча көз караш: “Мисмилдирик” романы – Кыргыз тили жана адабияты/ К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик жана К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин илимий-практикалык журналы.-№21.-Бишкек: 2012, «Саманчынын жолу» повестинде пейзаждын аткарган ролу. – Залкар жазуучу Ч.Айтматовдун 90 жылдыгына арналган «Жаштарды тарбиялоодо Ч.Айтматовдун чыгармаларынын ролу» аттуу форум. – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматы (Кыргызпатент) жана И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети. – Бишкек, 2018.) филология илимдеринин кандидаты **Станалиева Гульзада Макулбековна** сунуш кылынат.

8. Сунуштартамалар: жок.

**9. Корутунду.** Жогоруда көргөзүлгөн баяндоонун натыйжасында Сагындык кызы Жанардын “Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгындагы салттуулук жана өздүк чеберчилик маселелери” аттуу темадагы 10.01.01-кыргыз адабияты жана 10.01.09- фольклористика адистиктеги аткарылган диссертациялык иши илимдин ушул багытыны өнүгүшүнө жеке салымын кошот жана практика жүзүндө тиешелүү тармактарда колдонулушунда мындай тарыхый-обзордук, салыштырма-типологиялык, адабий-теориялык, сюжеттик-композициялык, поэтикалык жактан талданып иштелген иш пайдасын тийгизе алат.

**10. Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылынган документтерди карап чыгып,** Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине, К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу докторлук (кандидаттык) диссертацияларды коргоо боюнча Д 10.20.616 Диссертациялык кеңешине **Сагындык кызы Жанардын** 10.01.01 – кыргыз адабияты жана 10.01.09 –

фольклористика адистиктери боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **“Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгындагы салттуулук жана өздүк чеберчилик маселелери”** деген темадагы диссертациясын кабыл алууну сунуш кылат.

**Эксперт, филология илимдеринин доктору** **Ж.К.Орозобекова**

**14.02.2022.**

*Эксперттик топтун мүчөсүнүн колун тастыктайм*

**Д 10.20.616 Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, филология илимдеринин кандидаты** **Н. Т. Ыйсаева**